| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин**
**VIII чакырылышынын X кезектеги сессиясы**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 26-ноябры №138 Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл өкмөтүнүн 2025-жылга каралган бюджетинин чыгаша бөлүгүнө өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Ак-Терек айыл өкмөтүнүн 2025-жылга каралган бюджетинин чыгаша бөлүгүнө өзгөртүү киргизүү жөнүндө Ак-Терек айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы К.М.Абдыраевдин билдирүүсү угулуп, талкууланып, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кенеши **токтом кылат:**

1. Мектептердин ремонтунан 2221 беренесинен тендерден үнөмдөлүп калган 60000 сом М.Жумаев орто мектебине котёл алууга 3112 беренесине, бала бакчалардын инвентарь алууга 3112 беренесинен үнөмдөлүп калган акча каражатынан 75000 сом М.Жумаев орто мектебине котёл алууга 3112 беренесине жылдырсын. Мектептердин 3112 беренесинде тендерден үнөмдөлгөн 210500 сомду кошкондо баардыгы 345500 сом М.Жумаев орто мектебине котёл алууга каралсын.

2. Бала бакчалардын 3112 беренесине каралган акча каражатынан 170000 сомду ЖКХнын 3112 беренесине Ала-Баш айылындагы кичи футболдук аянтчасынын материалдарына жылдырылсын. Жылдын башында ЖКХнын 3112 беренесинде каралган акча каражатынан 352955 сом жана жогорудагы жылдырылган акча каражатын кошкондо баардыгы 522955 сом футболдук аятчага каралсын.

3. Аппараттын 2221 имараттын ремонтунан уномдолуп калган акча каражатынан 24000 сом лизинг менен алынган кызматтык авто унаанын кышкы дөңгөлөктөрү үчүн апараттын 2214 беренсине, аппараттын 3112 беренесине мебель алууга каралган акча каражатынан 50000 сом жаңы алынган автомашинанын техникалык тейлөөсүнө жана күйүүчү майга аппараттын 2214 беренесине жылдырылсын.

4. Клубдардын ремонтуна 2221 беренесине каралган акча каражатынан 73000 сом, 3112 беренесине каралган акча каражатынан 27000 сом баардыгы 100000 сом клубдардын 3111 беренесине Тогуз-Булак айылындагы маданият үйүнүн бир комнатасын капиталдык ремонттон өткөрүүгө жылдырылсын.

5. Ж.Айтикеев орто мектеби электр энергиясы менен жылытуудан көмүр менен жылытууга өткөндүгүнө байланыштуу бала бакчалардын 3112 беренесине каралган акча каражатынан 191000 сом мектептердин 2224 беренесине көмүр алууга жылдырылсын.

6. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы К.Абдыраевга милдеттендирилсин.

7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Т.Ормуковага тапшырылсын.

**Төраганын орун басары** **А.А. Мамбетов**